DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2022

*Турукбаева А.К.*

# ОКУУДА ЖЕТИШЕ АЛБАГАН ӨСПҮРҮМДӨРГӨ КӨМӨК КӨРСӨТҮҮЧҮ ПЕДАГОГИКАЛЫК МОДЕЛИ

*Турукбаева А.К.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ МОДЕЛЬ ПОДДЕРЖКИ ПОДРОСТКОВ НЕ УСПЕВАЮЩИХ В УЧЕБЕ

*A. Turukbaev*

# PEDAGOGICAL MODEL OF SUPPORT FOR TEENAGERS WHO ARE NOT DOING WELL IN SCHOOL

*УДК: 37.031*

*Илимий макалада окууда жетише албагандыктын алдын алуунун илимий негизделген жолдорун аныктоо, мугалимдер менен жетише албаган окуучулардын ата-энелеринин өз ара аракетине негиздөө, сабаттуу түрдө түзүлгөн коррекциялык жумуштарды иштеп чыгуу, мектеп окуучуларын кызыгуу менен жана өз өнүгүүсү үчүн пайдалуу түрдө окууга үйрөтүү аркылуу жүзөгө ашыруу каралган. Жетише албагандык көйгөйүн максаттуу түрдө изилдеп-үйрөнүү көрсөткөндөй, жетише албагандыктын негизги себеби болуп толук эмес жана ыркы келишпеген үй-бүлөлөрдүн санынын көбөйүшү, ата-энелердин миграциясы, үй-бүлөлүк тарбиянын төмөн маданияты жана үй-бүлө ичиндеги чыр-чатактар ж.б. эсептелип, алар көп учурда нервдик-психикалык бузулууларга, жетишүүнүн төмөндөшүнө жана социалдык жактан чара көрүлбөгөндүккө, начарлагандыкка алып келет. Мындай процессти алдын алууда мектептеги мугалимдердин колдоочу квалификациясы жетишсиз ошондуктан ата-энелерге көмөк көрсөтүү менен биргеликте иш алып баруу керек.*

***Негизги сөздөр:*** *мугалим, ата-эне, окуу, окуучу, методдор, сабак, өспүрүм.*

*В научной статье предусмотрено выявление научно-обоснованных способов профилактики неуспеваемости в учебе, основанных на совместных усилиях учителей и родителей неуспевающих учащихся, разработке грамотно построенной коррекционной работы, реализации при обучении школьников обучению с интересом и пользой для собственного развития. Целенаправленное изучение проблемы неуспеваемости показывает, что основной причиной неуспеваемости является увеличение числа неполных и несовместимых семей, миграция родителей, низкая культура семейного воспитания и конфликты внутри семьи и другие, они часто приводят к нервно-психическим расстройствам, снижению успеваемости, социальной изоляции и ухудшению состояния. Для предотвращения такого процесса недостаточно поддерживающей квалификации школьных учителей, поэтому необходимо сотрудничество с родителями.*

***Ключевые слова:*** *учитель, родитель, обучение, ученик, методы, урок, подросток.*

*The scientific article provides for the identification of evidence-based methods for the prevention of academic failure, based on the joint efforts of teachers and parents of underachieving students, the development of well-structured corrective work, the implementation of teaching students to learn with interest and benefit for their own development. A targeted study of the problem of academic failure shows that the main cause of academic failure is an increase in the number of single-parent and incompatible families, migration of parents, a low culture of family education and conflicts within the family, etc. They often lead to neuropsychiatric disorders, lower academic performance, social isolation and deterioration. To prevent such a process, the supporting qualifications of school teachers are not enough, so cooperation with parents is necessary.*

***Key words:*** *teacher, parent, learning, student, methods, lesson, teenager.*

Окууда жетише албагандык – дайыма эле социалдык көйгөй эмес, ал педагогикалык көйгөй да болуп саналат, мында көп нерсе мектеп шарттарынан (программалардын жана окуу китептеринин мазмунунан, окутуу методдорунан, окуу процессин техникалык жабдуудан) көз каранды, андыктан жетишпегендиктин алдын алуу – ар дайым ар бир мугалимдин, ар бир мектептин жана коомдун алдында турган практикалык милдет.

Жетишпегендикти жеңүүнүн психологиялык-педагогикалык аспектиси окуучулардын аталган жаш-курагына мүнөздүү болгон жаңылануулары, өнүгүүнүн социалдык-психологиялык кырдаалын изилдеп-үйрөнүү менен байланыштуу [3; 8]. Бул курактын өзгөчөлүгү болуп окуу башкы артыкчылык жана маанилүү милдет болбой калгандыгы эсептелет. Психологдор ырастагандай, бул куракта жетектөөчү ишмердик катары курдаштары менен инсандык баарлашуу каралат. Биз өспүрүмдүн инсанынын өнүгүшүндөгү бир нече багыттарды бөлүп көрсөтүүгө болот деп эсептейбиз, алар тигил же бул түрдөгү инсан аралык мамилелер болуп саналуу менен, өспүрүмдөрдүн билим берүү процессиндеги абалына таасир тийгизишет. Мындай өзгөчөлүктөргө төмөнкүлөр кирет [2, 215-216]:

• Өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгү. Өспүрүмгө курдаштарынын арасында жеке сапаттары, же болбосо билимдери, билгичтиктери жана көндүмдөрү менен өзгөчөлөнүп көрүнүп туруу маанилүү [5]. Өзгөчөлөнүп туруу эле манилүү болбостон, курдаштарынын жактыруусуна ээ болуу да маанилүү. Анын натыйжасы – өзүнө өзү баа берүү деңгээлинин жогорулашы.

• Курчап турган дүйнөнү таанып-билүү мүмкүнчүлүгү. Өспүрүм үчүн ар кыл суроолор боюнча баа бербестен эркин ой бөлүшүү маанилүү болуп саналат. Көп учурда ата-энелердин пикирине караганда жолдошторунун пикири кыйла баалуу болот.

• Бирдейлик, жалпылык сезими. Өспүрүмдө өзү үчүн маанилүү болгон социалдык топко тиешелүүлүк

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



сезими болгондо, айрыкча, топто бийик статуска ээ болсо, ал психологиялык жактан өзүн жайлуу сезет.

• Достукка ээ болуу. Өспүрүм куракта дос көп учурда эң жакын адамга айланат. Өспүрүмдөр чоңоюунун турмуштук кыйынчылыктарынан биргелешип өтүшөт. Достук жөнүндөгү эскерүүлөр эс тутумда түбөлүккө сакталып, чоңдор дүйнөсүндө мамилерди куруунун чен-өлчөмү катары кызмат кылат.

Жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар менен шартталган системдүү түрдөгү жетишпегендик педагогикалык жактан каралбай калгандыкка алып келет, ал инсандын мектеп, коомдун талаптарына каршы келген терс сапаттарынын комплекси катары саналат. Өспүрүмдөрдүн мектептеги жетише албагандыгы дезадаптацияны, башкача айтканда, окуучулардын окуу программасын өздөштүрө албаган, курдаштары жана мугалимдер менен өз ара аракеттешүүдө кыйынчылыктарга дуушар болгон абалын жаратышы мүмкүн [10, 83-б.].

Жетише албагандыкты жеңүү педагогикалык колдоо көрсөтүү технологиясын иштеп чыгууну актуалдаштырат, анын универсалдуу максатын ушул изилдөөнүн билим берүү моделин долбоорлоо жана ишке ашыруу түзөт.

**Изилдөөнүн максаты.** Мугалимдер менен ата-энелердин окуучулардын предметтер боюнча жетише албагандыгынын алдын алуу боюнча өз ара аракеттешүүсүнүн илимий-теориялык негиздерин жана педагогикалык шарттарын аныктоо. Өспүрүм куракгагы окуучулардын жетише албагандыгын максаттуу түрдө алдын алуу ата-энелердин өз балдарынын билим алуудагы ийгиликтерине кызыгуусун аныктоонун негизделген методологиясынан жана методдорунан көз каранды экендиги тууралуу божомолдон чыгуу менен, аталган багыттагы констатациялоочу эксперименттин жыйынтыктары берилген.

**Изилдөөнүн ыкмасы**: Констатациялоочу изилдөө Ысык-Көл областынын Каракол шаарындагы №5, №9 жалпы орто билим берүүчү мектептердин жана Теплоключенко айылындагы М. Мамакеев атындагы мектеп-гимназиянын 7, 8, 9-класстарынын окуучуларын анкеталоо жолу менен жүргүзүлдү. Өлкөдөгү карантинге байланыштуу, анкеталоо 7, 8, 9-класстардын окуучулары (257 окуучу), ошондой эле окуучулардын ата-энелери (300 ата-эне) менен google forms платформасында онлайн режимде өткөрүлдү.

**Негизги мазмуну:** Анкеталарды анализдөө көрсөткөндөй, «Үй тапшырмасын канча убакытта аткарасыңар?» деген суроого 257 окуучунун 49%ы 1 сааттан ашык убакыт бөлөрүн айтышкан; 17%ы күнүнө 1 саат убакыт жумшай турганын билдиришкен; окуучулардын 16%ы «бир сааттан аз» деп жооп беришкен, анткени алар үй-бүлөдө балдардын улуусу болгондуктан, ата-энелерине жардам беришкен (базарда соода кылышат, көп учурда эмгек биржасына жумушка чыгышат). Класс жетекчилер менен аңгемелешүүдө ал балдар толук үй-бүлөнүн балдары экени аныкталган. 2020-жылы мектептердеги төмөн жетишүүнүн себептерин изилдөө көрсөткөндөй, жетишүү пайызы төмөн болуп, 17%дан 43%га чейин вариацияланган. Жетише албагандыктын негизги себеби катары окуучулардын колу бош эместиги жана сабактарга даярданууга убакыттын жетишсиздиги эсептелет. Изилдөөнүн жүрүшүндө окуучулардын ата-энелери балдарын окутуу жана тарбиялоонун ийгилигине канчалык кызыкдар экенин аныктоо максатында ата-энелерден анкета алынган. Анкеталоонун жыйынтыктары ата-энелер өз балдарынын жетишүүсүнө жалпысынан кызыкдар экенин, бирок окуучулардын өз алдынча даярдануусун уюштурууга жетишерлик убакыт бөлө алышпагандыгын көрсөттү.

Изилдөөдөн аныкталгандай, айрым өспүрүмдөр өзүнө өзү баа берүүнү коррекциялоого муктаж, анткени алардын өзүнө өзү баа берүүсү абдан төмөн. Башка өспүрүмдөр болсо уялчаактыктын үстүндө иш алып барууга муктаж. Окуучулардын айтуусуна караганда, аларга ордунан жооп берүү ыңгайлуу, тактага чыкканда уялып, кекечтене башташат, кызарып кетишет, бул болсо окуучунун жетишүүсүнө жолтоо болот [6, 112-113-бб.].

Жетише албагандыкты диагностикалоонун натыйжаларын анализдөө, ошондой эле күнүмдүк байкоолор көрсөткөндөй, окуучулардын жетише албагандыгынын себептери көп түрдүү болсо да, басымдуулук кылган себептер болуп ата-энелер контингентинде көпчүлүктү түзгөн аялуу үй-бүлөлөрдө ата-энелер тарабынан тиешелүү түрдө көңүл бурулбагандык, сабактарга даярданууга убакыттын жетишсиздиги, өз алдынча даярдануунун уюштурулбаган мүнөздө болушу ж.б. эсептелет. Ошол эле учурда негизги себептердин бири катары өспүрүмдөрдө оң мотивациянын деңгээли төмөн болушу эсептелет.

Констатациялоочу эксперименттин жана диагностикалык материалды анализдөөнүн жыйынтыктары боюнча «Окуучулардын предметтер боюнча жетише албагандыгынын алдын алуу» моделин түздүк (1-сүр. кара), ошондой эле билим берүү процессинин негизги субъектилеринин – мугалимдердин, окуучулардын, класс жетекчилердин жана ата-энелердин – өспүрүмдөрдүн табигый предметтер боюнча жетише албагандыгынын алдын алуу боюнча өз ара аракеттешүүсүнүн педагогикалык беш шарты аныкталды [1, 45-46].

Окуучулар, ата-энелер жана педагогдордун ортосунда кызматташтык мамилелерди калыптандыруу бул процессте педагогдордун өз ара аракеттешүүсү кандай болгонунан көз каранды [4, 269]. Билим берүү процессинин субъектилеринин оптималдуу өз ара аракеттешүүсү үчүн педагогдор менен ата-энелер биргелеш-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



кен ишмердик процессинде өз ара байланышта болуусу сунуш кылынат. Анын натыйжасында эки тарап тең өнүгөт. Ата-энелер менен педагогдор пикирлештерге айланганда, алардын өз ара аракеттешүүсү ийгиликке жетет. Мындай пикирлештиктин негизинде умтулуулардын, тарбиялоо процессине көз караштардын биримдиги, биргелешип иштеп чыккан жалпы максаттар менен милдеттер, жетише албагандыкты жоюу боюнча белгиленген натыйжаларга жетүүнүн жолдору турат. Өспүрүмдөрдүн өзүнө өзү социалдык жана таанып-билүүчүлүк баа берүүсүн жогорулатуу жана табигый-математикалык циклдин предметтерин окуп-үйрөнүүгө карата мотивацияны камсыз кылуу да маанилүү милдеттерге кирет [9, 125-158].




**1-сүрөт.** «Окуучулардын жетише албагандыгынын алдын алуунун» педагогикалык модели.

Бул моделди түзүүдө методологиялык негиз катары билим берүү процессинин субъектилеринин өспүрүмдөрдүн жетише албагандыгынын алдын алууга багыттылган өз ара аракеттешүүсүн уюштуруунун мазмундук-ишмердик жана системдик-структуралык компоненттерине таяндык. Тажрыйба көрсөткөндөй, жетише албагандыкты жеңүүнүн педагогикалык колдоонун мугалимдер (предметтик мугалим жана класс жетекчи) тарабынан тандалып алынган тактикасы бир нече факторду: окуу материалынын мазмунунун татаалдыгын жана окутуунун колдонулган методдору менен методикаларынын натыйжалуулугун; мектеп окуучусунун психологиялык жана дене-кыймыл абалын; окуучунун жалпы эле эмгекке жана өзгөчө, тырышчаактык менен белгилүү бир акыл-эстик күч келүүнү талап кылган интеллектуалдык эмгекке позитивдүү мамилесинин болушун же жоктугун эске алуудан көз каранды.

Сабактан жетише албагандыктын алдын алуу жолдорун максаттуу түрдө изилдеп-үйрөнүүгө арналып, атайын уюштурулган сабактарда жана жалпы билим берүүчү мектептеги сабактарда окуучулардын берилген категориясын окутуу процессинде колдонулган жетише албагандыкты жоюунун бир кыйла натыйжалуу ыкмалары каралды. Окууда жетишпеген окуучуларды окутууда колдонулуучу формалар, методдор жана ык-амалдар мүнөздөлгөн, иште колдонулган ыкмалардын натыйжалуулугун эске алуу керек. Андан сырткары, акыркы жылдарда жалпы билим берүүчү мектептерде окутуу окуучуларга кызык-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557#



сыз болуп калган стандарттуу салттуу методдор менен эле жүргүзүлүп келе жатканын белгилей кетүү жөндүү. Кеп көптөгөн түшүнүксүз формулалары бар, кызыксыз жана кереги жок предмет катары каралып жүргөн физиканы окутуу тууралуу болуп жатат. Демек, аталган предметти окутуунун методдорун өзгөртүү керек. Мына ушунун натыйжасында, биз калыптандыруучу эксперимент процессинде «Сынчыл ой жүгүртүү», «Коучинг», «Мээге чабуул», «Маалыматтык окутуу» сыяктуу интрактивдүү методикаларды колдондук, ошондой эле көрүнүктүү жаңычыл педагог В.Ф. Шаталовдун таяныч мамилелерди пайдалануу туурасындагы «Алгачкы жалпылоолор жана бүтүмдөрүнө» таяндык [7].

Таанып-билүү активдүүлүгүнө түрткү берүү үчүн мугалимдерге «Алтын билеттер», «Алтын ачкычтар» баалоо бланкалары иштелип чыкты. Окуу жылынын аягында биз «Алтын билеттерди», «Алтын ачкычтарды» санап, жеңүүчүлөрдү мектеп чогулушунда ар түрдүү даражадагы дипломдор менен салтанаттуу түрдө сыйладык. Жылдын аягында жетишпеген окуучулардын жыйынтык баалары бир топ жакшырганы байкалды.

**Жыйынтыктоо:** Калыптандыруучу эксперименттин маанилүү милдеттеринин бирин мугалимдер менен ата-энелердин өспүрүм курактагы окуучулардын предметтер боюнча жетише албагандыгынын алдын алуу боюнча оптималдуу өз ара аракеттешүүсүнүн илимий-негизделген педагогикалык шарттарын ишке ашыруу абзел. Бул жагдайды эсепке алуу менен, калыптандыруучу эксперименттин мазмунуна ата-энелер үчүн психологиялык тренингдер киргизүү менен мындай милдет өзүнүн педагогикалык билимин жогорулатууга кызыкдар болгон ата-энелердин каалоолоруна туура келет.

Ата-энелердин биргелешкен ишмердикке болгон каалоосу аларга билим берүү мекемесинин педагогдору сый-урмат менен мамиле кылганда гана пайда болот. Байкоолор биргелешкен ишмердиктин натыйжалуулугу төмөндөгү факторлорду эске алуудан көз каранды экенин көрсөттү:

– педагогдор менен ата-энелердин ортосунда этикалык ченемдердин жана келишимдердин сакталышы;

– ата-энелердин кызыгуусун жана ишенимин колдоо;

– өнүмдүүлүккө түрткү берүү. Мындай өз ара аракеттешүүнүн негизги жыйынтыгы болуп ата-энелердин биргелешкен ишмердикке катышууга болгон каалоосунун жогорулашы, алардын тренингдердин мазмуну менен билим берүү мекемесине болгон ишенимге негизделген педагогикалык сабаттуулугунун өсүшү эсептелип, мындай жыйынтык педагогдор менен ата-энелердин биргелешкен кызыкчылыктарына туура келди.

Өз ара аракеттешүүнүн формалары менен методдору окуучунун жетише албагандыгынын деңгээлине, окуу предметинин спецификасына, ошондой эле өспүрүмдүн ийгиликке умтулуусун колдоого алган педагогикалык колдоонун жана кызматташтыктын тактикасына жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Аталган милдетти ишке ашырууда объективдүү жана субъективдүү мүнөздөгү көптөгөн кыйынчылыктар келип чыгат, ошондой болсо да педагогикалык шарттарды туура жана сабаттуу түзүү, педагогикалык методдорду колдонуу окуучулардын жетише албагандыгы көйгөйүн жеңип чыгууга мүмкүндүк берет.

Окуучулардын предметтер боюнча жетише албагандыгын жоюу максатында колдонгон методикаларыбыз өзүнүн ишенимдүүлүгүн жана валиддүүлүгүн көрсөттү.

**Адабияттар:**

1. Бахрамова Г.А. Формирование инновационной деятельности учителей в процессе организации методической работы в школе [Текст]: дис. … канд. пед. наук.: 13.00.01 / Г.А. Бах-рамова. - Шымкент, 2010. - 135 с.
2. История социальной педагогики под редакцией М.А. Галагузовой [Текст] / Хрестоматия-учебник / - Владос., 2000. - 544 с
3. Курепина А.В. Историко-педагогическое исследования проблемы неуспеваемости школьников [Текст]: автореф. дис. к.пед.н.: 13.00.01 / А.В. Курепина. - Елец, 2003. - 24 с.,
4. Куницина В.Н. Межличностное общение [Текст]: учебник для вузов / Н.В Куницина, Казаринова, В.М. Погольша. - СПб.: Питер, 2000. - 499 с.
5. Ковалев А. Психология личности [Текст] / А. Ковалев. - М.: Просвещение, 1969.- 391 с.
6. Микляева А.В. Психологическое основы работы с «трудным классом» [Текст]: учебно-методическое пособие / А.В. Микляева, П.В. Румянцева. - СПб.: ИРГПУ им. А.И. Герцена, 2018. - 248 с.
7. Петрова Я.Р. Иррадиационные и современные методы обучения естественным наукам. [Эл. ресурс]. - Материалы XII Международной студенческой научной конф. «Студенческий научный форум». - Режим доступа: https://4brain.ru/pedagogika/new-methods.php.-Загл. с экрана 2021/1/04
8. Педагогический энциклопедический словарь. гл.ред. Б.М. Бим-Бад. [Большая рос. энцикл. [Текст] / - М.: Дрофа, 2009. - 527 с. - Режим доступа: https://nlr.ru/res/inv/guideseria/pedagogica/cat_show.php?rid=28 – Загл. с экрана.
9. Станкин М.И. Профессиональное способности педагога: акмеология воспитания и обучения [Текст] / М.И. Станкин. - М.: Флинт, 1998. - 368 с.
10. Юсубов Е.М. Формирование социальной активности у школьников подросткового возраста в процессе взаимодействия школы и семьи [Текст]. / Дисс… канд. пед.наук. 13.-00.01 / Е.М. Юсубов. - Бишкек. - 174 с.
11. Бабаев Д.Б., Шентүрк С. Профилдик билим берүүнүн шартында окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2008. №. 10-11. С. 160-162.